| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ НАРЫН ОБЛУСУ КОЧКОР РАЙОНУ АЗИС АБДЫКЕРИМОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ КОЧКОРСКИЙ РАЙОН СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ АЗИСА АБДЫКЕРИМОВА |
|---|---|---|

**2022-2023-окуу жылынын Азис Абдыкеримов атындагы орто мектебинде өтүлгөн №1 ата-энелер чогулушунун**

**ПРОТОКОЛУ**

Күнү: 5-сентябрь 2022-жылы Ак-Талаа айылы
Баардыгы: 80
Катышты:75
Катышпаганы:5
Себептүү:1
Себепсиз:4

**Тема: « Жаңы окуу жылына карата мектептеги иш-чараларды уюштуруу »**

Күн тартибиндеги каралуучу маселелер:

1. 2021-2022- окуу жылынын башталгыч класстардагы ысык тамак боюнча ата-энелер комитетинин отчету.
2. 2022-2023-окуу жылындагы берилүүчү ысык тамак
3. Окуучулардын китеп менен камсыз болушу.
4. Ата-энелер комитеттин жана көзөмөлчүлүк кеңештин курамдарын шайлоо
5. Ар кандай маселелер..

**1-маселе боюнча** : Ата-энелер комитети Кошматова Бегайымдын башталгыч класстардагы ата-энелердин эсебинен берилген тамактын отчету. 2021-2022-окуу жылында жалпы мектеп боюнча 1-4-класстардын саны 56 ар бир окуучудан 150 сомдон ай сайын 8400сом акча чогултулуп турду. Ага ай сайын бир мүшөк ун 2000 сом, кээде ун бир жарым мүшөктөн, калган акчасына жума күндөрү ата-энелердин эсебинен балдардын ден соолугуна пайдалуу ар кандай тамак аштар,жер жемиштер,жашылча салаттар берилип турду. Андан тышкры ашканага керектүү салфеткага, жуучу каражаттарга жана башка нерселерге жумшалат. Ай сайын чогулуучу 8400 сом толук чогулган жок кээ бир ата – энелер 2,3 айдыкын бир бергендери да болду, азыркы кундө да бере элек ата-энелер бар, жалпы ата-энелерге кайрылаарым акчаны өз убагында ар бир айдын 10 на чейин берип жиберүүңүздөрдү өтүнөм. Биз унду атайын сертификаты бар магазинден алабыз. Эч кандай базардан алынбайт. Эгерде тамактын берилишин көзөмөлдөйбүз десеңиздер ар жумада бешинчи күнү келип текшерип кетиңиздер болот.
**2- маселе боюнча**: Убактылуу мектеп директорунун милдетин аткаруучу Насирова Элизаттын сөзү: Ысык тамак өзү окуучуларга 2013-жылдан бери берилип келе жатат. 3 жыл ООН каржылап берди.Азыркы учурда мамлекет тарабынан берилип келүүдө , ысык тамак төрт күн берилип, бешинчи күнү ата-энелердин эсебинен берилет. Буга чейин балдардын тамагына берилүүчү акчанын суммасы 150 сомдон болчу. Быйылкы 2022-2023-окуу жылында малекет эт менен ак майды (сливочное масло) кыскартып салгандыгына байланыштуу сиздерден жардам сураганга мажбур болуп жатабыз. Себеби бул азыктарды тамакка кошконго мажбурбуз, менюда да турат, мектеп өз

чөнтөгүнөн каржылай албайт, балдардын ай сайын чогулткан акчасынын суммасын 50 сомго көбөйтүп жалпы 200 сомго көтөрүп берүүңүздөрдү өтүнөт элек. Жарыш сөзгө чыккандар : Капалов Максатбек 200 сом кылганыңар туура эле ундун 1 мишок баасы 2300 сом азыр продукты өтө эле кымбат,күндөн күнгө баасы өсүүдө мен колдойм. Зарлыков Туратбек мен да колдойм, айрым ата-энелердин уйүндө эт жок болушу мүмкүн мектептен эт менен тамак жеп алуусу абдан жакшы нерсе, бардыгыбыз колдойбуз деген үмүттөмүн. Баардык ата-энелер бир добуштан колдоп беришти.
Насирова Элизаттын сөзү: Чоң рахмат бир добуштан колдоп бергениңиздерге, бул акчанын ар бир класстын ата-энелери чогултуп , ата-энелер комитетинин төрагасына беришет, ошол киши керектүү нерселерди алып келип берип турат , отчетун да берет,эгер мүмкүнчүлүк болсо сурап тактап алып турсаныздар болот. Быйылкы жаңы окууга кирип жаткан 1-класстын окуучулары өзүлөрү үчүн кружка,тарелка жана башка керектүү идиш-аяктар менен камсыз кыласыздар.Себеби ар бир окуучу мектепке киргенде алган өз идиштери менен ичишет.
Биздин ата-энелерибиздин арасында да ысык тамакка жана ашканага спонсордук кылып келе жаткан ата-энелерибиз бар, аларга чоң ыраазычылыгыбызды билдиребиз.
3-маселе боюнча: Китепканачы Салбарова Венеранын сөзү 2022-2023-окуу жылында окуучулар жалпы 98% китеп менен камсыз болушту. 1-класстын китеп дептерлерин атайын ата-энелер жылда жаңы сатып алышат анткени китептин ичине жазышат , сурот тартышат. Кээ бир класстардын окуучуларына тартыш болгон китептер жетпей калды, аймак аймак кылып болуштуруп бердим сурап окушканга,эгерде мүмкүнчүлүгүңүздөр болсо китеп сатып берип койсоңуздар абдан жакшы болот.Бугунку кундө 100% китептер таратылып бутту, сырттарын сырттап, ичине чийгилебей, барактарын айрыбай жакшы урунушсун сиздер дагы ата-энелер уйдөн көз салыңыздар. Жарыш сөзгө чыккандар: Жаыбек кызы Зымырат макул уйдон китептерин сырттап беребиз, карап турабыз.
4-маселе боюнча Насирова Элизаттын сөзү: жыл башында ата-энелер комитетин шайлайбыз, былтыркы комитет абдан жакшы иштешти ыраазычылык билдиребиз. Быйылкы жылы да ордуларында калсынбы же жаңырталыбы? Сапарбекова Гүлмиранын сөзү, бул иш коп түйшүктүү иш мурунку комитет эле калсын анткени алар мурда иштеп журушкөн иштин көзүн билишет, ошондуктан ордуларында эле калышсын , баардык ата-энелер бир добуштан колдошту.
Насирова Элизатт быйыл бизге мектепке «Көзөмөлчүлүк кеңеш»түзгүлө деген акимдин буйругу келди, 11 кишиден турган көзөмөлчүлүк кеңеш түзүшүбүз керек. Кеңеш эмне иш алып бараарын, милдеттерин, баардыгын бирден түшүндүрүп өттү. Кана кимдерди сунуштайсыздар..... Жарыш сөзгө чыккандар: Жакыпбеков Чолпонбай мектепке керектүү кеңеш экен, мектептин алдыга жылуусуна, материалдык техникалык базасын чыңдоону, спонсорлорду издеп таап келүүнү да колго алышат экен Арыкбаева Калиман, Кадырбек кызы Каныкей, Жунушалиева Кымбатты сунуштайм. Самсалиева Жылдыздын сөзү ооба жаштар азыр силер иш десе ишке тойбой турган учуруңар да мектеп үчүн, балдарыбыздын келечеги үчүн иштеп бергиле мен Муратбеков Амантур, Мытанов Майрамбек, Тобокелов Жантай, Токтоналиев Элдарды көрсөтөм. Бардык ата-энелер бир добуштан колдоп беришти.
5-маселе боюнча ТИУ Арыкбаева Үмүттүн сөзү быйылкы окуу жылында окуучулардын формасы классикалык үстүнө ак кофта астына кара түстөгү шым жана юбка кийгизесиздер, формаларын ар дайым кийгизип жибересиздер. Президентибиздин буйругу менен мектепке балдар сотка алып келишпесин. Сабак учурунда соткага алагды болушат экен. Балдардын билим сапатына көбүрөөк жардам бериниздер, сабактан эч себепсиз калтырбаңыздар, уй тапшырмаларына көңүл буруңуздар бала уйдөн жагымдуу жагдайда отуруп алып сабак окуганга шарттарды түзүп бериңиздер, сабакка кечикпестен келишсин. Түнкүсүн рейддер жүрүп жатат кечкисин балдарды көчөгө чыгарбагыла ,дүкөндөргө арак,тамеки ,насывайга жумшаганга болбойт эгерде кармалып кала турган болсо штраф төлөйсүздөр.

**Жогорудагыларды угуп чогулуш токтом кылат.**

1. Былтыркы иштеген ата-энелердин иши канааттандыраарлык деп табылсын
2.1-4-класстар үчүн берилүүчү ысык тамактын 5-күнкү менюсун түзүү жана берилишин көзөмөлдөө, ар бир окуучудан 200 сомдон чогултуу, чогулган акчага керектүү азыктарды алып келүү жагы ата-энелер комитетинин башчысы Кошматова Бегайга милдеттендирилсин. 1–класстын ата-энелери балдары үчүн идиш аяктарын чогу сүйлөшүп, алып берүү жагы 1-класстын ата-энелер комитетине жүктөлсүн.
3.Мектептин китептерин таза тыкан кармоо,жылдын аягында толугу менен өткөрүп берүү ар бир ата-энеге милдеттендирилсин
4.Жалпы мектептин ата-энелер комитетинин төрайымы болуп Кошматова Бегимай дайындалсын. Ал эми Көзөмөлчүлүк кеңештин төрагасы болуп Арыкбаева Калиман бекитилсин.
5.Мектепке форма менен жиберүү, сабактан эч себепсиз калтырбоо жана кечигүүсүз жиберүү, кечинде саат 6 дан кийин көчөгө эч себепсиз чыгарбоо жагы ар бир ата-энеге милдеттендирилсин.

Чогулуштун төрайымы директордун милдетин аткаруучу Насирова Э.А

Чогулуштун катчысы: Арыкбаева Ү

Мектептеги ата-энелер комитети жөнүндө маалымат

| № | Аты жөнү | Аткарган милдеттери | Телефон номери |
|---|---|---|---|
| 1 | Кошматова Бегайым | Төрайымы | 0700250816 |
| 2 | Ибраева Алмагүл | | |
| 3 | Жаныбек кызы Зымырат | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |
| 6 | | | |